**Тиркеме**
**Приложение**

**Өлкөнүн экономикасынын реалдуу секторун өнүктүрүүгө багытталган диссертациялык изилдөөлөрдүн артыкчылыктуу багыттарынын алдыдагы үч жылга тизмеси**
**Перечень приоритетных направлений диссертационных исследований, ориентированных на развитие реального сектора экономики страны на предстоящие три года**

| Тармак/Отрасль | Актуалдуу жана изилдене элек диссертациялык иштердин темаларынын тизмеси | Список актуальных и неисследованных тем диссертационных работ |
|---|---|---|
| **Санариптик өнүктүрүү тармагы**<br><br>**Отрасль цифрового развития** | 1. Телекоммуникациялык тармактарды долбоорлоо процесстерин башкаруу жана алардын курулушун контролдоо үчүн жасалма интеллекти колдонуу мүмкүнчүлүгүн изилдөө.<br>2. Маалыматтык коопсуздук аудити: методдор, инструменттер жана алардын Кыргыз Республикасынын шартында колдонулушу.<br>3. Кыргыз Республикасынын маанилүү объектилерин киберкоркунучтардан коргоо үчүн жасалма интеллекти жана машиналык үйрөнүүнү колдонуунун перспективалары.<br>4. Санариптештирүү мүмкүнчүлүгүн талдоо жана мүчүлүштүктөрдү болжолдоо, ошондой эле электр энергетикалык тутумдардагы жоготууларды азайтуу үчүн жасалма интеллекти колдонуу.<br>5. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түрлөрү боюнча чарбаларда жер участокторун бөлүштүрүүнү изилдөөнү санариптештирүү, анын жардамы менен жогору киреше алуу үчүн ар бир чарбада өсүмдүктөрү үчүн себүү аянтарынын өлчөмүн аныктоо.<br>6. Жогорку окуу жайларында (ЖОЖдордо) иш процесстердин натыйжалуулугун арттыруу максатында жасалма интеллект жана чоң маалыматтар (Big Data) технологияларын колдонуу. | 1. Исследование возможности использование искусственного интеллекта для управления процессами працесс пректирования телекомммуникационных сетей и контроля их строительства.<br>2. Аудит информационной безопасности: методы, инструменты и их применимость в условиях Кыргызской Республики.<br>3. Перспективы применения искусственного интеллекта и машинного обучения для защиты от киберугроз для критически важных объектов Кыргызской Республики.<br>4. Применение искусственного интеллекта для анализа потенциала цифровизации и прогнозирования отказов, а также снижения потерь в электроэнергетических системах.<br>5. Цифровизация исследования распределения земельных угодий в сельскохозяйственных предприятиях по видам культур для определения оптимальных размеров посевных площадей под каждую культуру с целью максимизации доходности.<br>6. Применение искусственного интеллекта и больших данных (Big Data) для повышения эффективности работы в ВУЗах. |
| **Механикалык илим Механическая наука** | 1. Айыл чарба продукциясын кайра иштетүү (кургаткычтар, пресстер, майдалоочулар), ошондой эле | 1. Научные основы проектирования и оптимизации оборудования для переработки |

| | | |
|---|---|---|
| | жүндү, терини жана башка табигый материалдарды баштапкы иштетүү үчүн жабдууларды долбоорлоонун жана оптималдаштыруунун илимий негиздери.<br>2. Жергиликтүү өсүмдүктөрдүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен (мисалы, кургатылган жемиштер, органикалык продукция) жантайыңкы жана террасаланган аянттардагы топуракты иштетүү, себүү, түшүм жыйноо үчүн машиналардын кинематикалык жана динамикалык моделдерин иштеп чыгуу.<br>3. Кыргызстандын түрдүү топурак түрлөрү үчүн айыл чарба техникасынын жумушчу органдарын изилдөө жана оптималдаштыруу.<br>4. Чектелген мейкиндикте жана жетүүгө кыйын кен жайларында бургулоо, тоо тектерин бузуу, кенди ташуу жана баштапкы иштетүү үчүн компакттуу, мобилдүү жана энергияны үнөмдөгөн жабдууларды долбоорлоонун илимий негиздерин иштеп чыгуу.<br>5. Жергиликтүү кен жайлардын өзгөчөлүктөрүнө ылайык геологиялык чалгындоо, бургулоо, майдалоо жана кенди сорттоо үчүн компакттуу жана мобилдүү орнотмолорду иштеп чыгуу.<br>6. Катуу турмуш-тиричилик калдыктарын, өндүрүш калдыктарын сорттоо, кайра иштетүү жана утилизациялоо, ошондой эле мал чарба калдыктарын биогазга же жер семирткичке айландыруу үчүн машиналарды жана орнотмолорду иштеп чыгуу.<br>7. Абразивдүү чөйрөдө жана өзгөрмө жүктөмдөрдө иштеген машиналардын динамикасын жана бекемдигин изилдөө.<br>8. Жергиликтүү чийки заттан курулуш материалдарын өндүрүү үчүн машиналардын натыйжалуу конструкцияларын иштеп чыгуу.<br>9. Чакан фермердик чарбалардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу жана күйүүчү майды жана энергияны аз пайдаланууга басым жасоо менен тоолуу жана тоо этектериндеги райондор, күнөсканалар үчүн чакан жана орто көлөмдөгү айыл чарба техникасын түзүү жана ылайыкташтыруу | сельскохозяйственной продукции (сушилки, прессы, измельчители), а также для первичной обработки шерсти, кожи и других натуральных материалов.<br>2. Разработка кинематических и динамических моделей машин для обработки почвы, посева, уборки урожая на склонах и террасированных участках, с учетом специфики местных культур (например, сухофрукты, органическая продукция).<br>3. Исследование и оптимизация рабочих органов сельхозтехники для различных типов почв Кыргызстана.<br>4. Разработка научных основ проектирования компактного, мобильного и энергоэффективного оборудования для бурения, разрушения горных пород, транспортировки и первичной переработки руды в условиях ограниченного пространства и труднодоступных месторождений.<br>5. Разработка компактных и мобильных установок для геологоразведки, бурения, дробления и сортировки руд, ориентированных на специфику местных месторождений.<br>6. Разработка машин и установок для сортировки, утилизации и переработки твердых бытовых отходов, промышленных отходов, а также переработки отходов животноводства в биогаз или удобрения.<br>7. Исследование динамики и прочности машин, работающих в абразивных средах и при переменных нагрузках.<br>8. Разработка эффективных конструкций машин для производства строительных материалов из местного сырья.<br>9. Создание и адаптация малогабаритной и среднегабаритной сельхозтехники для горных и предгорных районов, теплиц, учитывая специфику малых фермерских хозяйств с акцентом на минимизацию потребления топлива и энергии.<br>10. Разработка машин для производства локальных |

| | | |
|---|---|---|
| | 10. Жергиликтүү азык-түлүк продукцияларын (кургатылган жемиштер, улуттук суусундуктар, органикалык продукция) өндүрүү үчүн машиналарды иштеп чыгуу.<br>11. Кыргызстандын артыкчылыктуу тармактары үчүн машиналарды жана жабдууларды түзүүгө багытталган изилдөөлөр, импортко жараша чыгымдарды азайтуу максатында шарттарга ылайыкташтырылган жаңы машина конструкцияларын жана чечимдерин иштеп чыгуу.<br>12. Ыкмалар жана машиналар жаатындагы изилдөөлөр, анын ичинде тоо-кен өнөр жайы, гидротехникалык курулуш үчүн жаңы технологияларды иштеп чыгуу, экстремалдык шарттарда машиналардын ишенимдүүлүгүн жогорулатуу жана туруктуулугун камсыз кылуу үчүн чечимдерди түзүү.<br>13. Кумтөр кени сыяктуу тоо-кен ишканаларында төгүндүлөрдүн жылышын болжолдоого жана туруктуулукту моделдөөгө, экологиялык тобокелдиктерди алдын алуу жана технологиялык процесстерди оптималдаштыруу үчүн технологияларды иштеп чыгууга байланышкан изилдөөлөр.<br>14. Курчап турган чөйрөгө тийгизген таасирин минималдаштыруучу машиналарды жана технологияларды, анын ичинде тоо-кен жана кайра иштетүү өнөр жайы үчүн айлана-чөйрөнүн параметрлери тутумун жана экологиялык жактан коопсуз технологияларды иштеп чыгууга багытталган изилдөөлөр.<br>15. Аддитивдик технологияларды (3D-басып чыгаруу) тез прототиптөө, татаал деталдарды жана запастык бөлүктөрдү даярдоо үчүн колдонуу. | продуктов питания (сухофруктов, национальных напитков, органической продукции).<br>11. Исследования, направленные на создание машин и оборудования для приоритетных отраслей Кыргызстана, разработка новых конструкций машин и решений, адаптированных к условиям, с целью снижения затрат в зависимости от импорта.<br>12. Исследования в области методов и машин, включая разработку новых технологий для горнорудной промышленности, гидротехнического строительства, создание решений для повышения надежности и обеспечения устойчивости машин в экстремальных условиях<br>13. Исследования, связанные с моделированием устойчивости и прогнозированием смещения отвалов на горнодобывающих предприятиях, таких как рудник Кумтор, разработка технологий для предотвращения экологических рисков и оптимизации технологических процессов;<br>14. Исследования, направленные на разработку машин и технологий, минимизирующих воздействие на окружающую среду, включая системы параметров окружающей среды и экологически безопасные технологии для горнодобывающей и перерабатывающей промышленности<br>15. Применение аддитивных технологий (3D-печать) для быстрого прототипирования, изготовления сложных деталей и запасных частей. |

| | | |
|---|---|---|
| **Биотехнология**<br>**Биотехнология** | 1. Жаныбарлардын саламаттыгын жана алардын жашоо чөйрөсүн кооптуу жана өзгөчө кооптуу патогендик агенттерден коргоонун жаңы каражаттарын жана ыкмаларын иштеп чыгуу маселелери боюнча биотехнологиялык ыкмаларды колдонуу менен фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүү.<br>2. Импортту алмаштыруучу технологияларды, биологиялык активдүү заттарды иштеп чыгуу, жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн жана микроорганизмдердин биоар түрдүүлүгүн жана генетикалык ресурстарын сактоо, экологиялык, биологиялык жана азык-түлүк коопсуздугун жогорулатуу, айыл чарба жаныбраларынын тузгон породаларын сактоо жана аныктоо, айыл чарба жаныбарларынын жана осумдуктордун жаңы породаларын жана сортторун түзүү, алардын репродуктивдүүлүгүн жогорулатуу. | 1. Проведение фундаментальных и прикладных исследований по проблемам разработки новых средств и методов охраны здоровья животных, а также среды обитания от опасных и особо опасных патогенных агентов с использованием методов биотехнологии, разработка профилактических методов.<br>2. Разработка импортозамещающих технологий, биологически активных веществ, сохранение биоразнообразия и генетических ресурсов животных, растений и микроорганизмов, повышение экологической, биологической и пищевой безопасности, сохранение и изучение существующих пород сельскохозяйственных животных, создание новых пород сельскохозяйственных животных и сортов растений, повышение их репродуктивности. |
| **Коргоо тармагы**<br>**Отрасль безопасности** | 1. Миналарды жана ок-дарыларды табуу жана идентификациялоо үчүн жер казынасын сканерлөөнүн көчмө системаларын өнүктүрүү.<br>2. Аскер кызматчыларынын кургак учук жана башка өпкө ооруларын тез диагностикалоонун интеллектуалдык системасы. | 1. Развитие мобильных систем подповерхностного сканирования для обнаружения и идентификации мин и боеприпасов.<br>2. Интеллектуальная система оперативной диагностики туберкулеза и других легочных заболеваний у военнослужащих. |
| **Финансы тармагы**<br>**Финансовая отрасль** | Кыргыз Республикасынын экономикасындагы кризистик кырдаалдарды болжолдоо жана башкаруу үчүн жасалма интеллектти жана блокчейн-технологияларын колдонуу. | Использование искусственного и блокчейн-технологий для прогнозирования и управления кризисными ситуациями в экономике Кыргызской Республики. |
| **Энергетика тармагы**<br>**Энергетическая отрасль** | «Кыргыз Республикасынын энергетикалык коопсуздугун камсыз кылууда отун-энергетикалык комплексинин (ОЭК) түзүмүнө келечектүү отун түрлөрүн иштеп чыгуу жана киргизүү аркылуу илимий-технологиялык камсыздоо», иштердин жогорку академиялык жана колдонмо маанисин камсыз кылуу максатында изилдөөлөрдү 05.17.07 – отундун жана жогорку энергетикалык заттардын химиялык технологиясы адистиги боюнча жүргүзүү сунушталат.<br>- Интеллектуалдык мобилдик техникалык комплекстерди бөлүштүрүлгөн электр энергетикалык | «Научно-технологическое обеспечение энергетической безопасности Кыргызской Республики через разработки и внедрение перспективных видов топлива в структуру топливно-энергетического комплекса (ТЭК)», для обеспечения высокой академической и прикладной значимости работ, исследования предлагается проводить по специальности 05.17.07 – химическая технология топлива и высокоэнергетических веществ.<br>- Применения интеллектуальных мобильных |

| | | |
|---|---|---|
| | түзүмдөрдүн объектилеринин абалын ыкчам мониторинг жүргүзүүдө колдонуу.<br>- Бөлүштүрүлгөн электр энергетикасынын объектилеринин абалына оперативдүү мониторинг жүргүзүү үчүн интеллектуалдык көчмө техникалык комплекстерди колдонуу.<br>1. Мамлекеттин отун-энергетикалык комплексин отундун келечектуу турлору менен камсыз кылуу багытындагы технологияларды иштеп чыгуу.<br>2. Суутектин негизиндеги жылытуу комплектерин иштеп чыгуу. | технических комплексов для оперативного мониторинга состояния объектов распределенной электроэнергетической структуры.<br>- Использование интеллектуальных мобильных технических комплексов для проведения оперативного мониторинга состояния объектов распределённой электроэнергетики.<br>1. Разработка технологий, направленных на обеспечение топливно-энергетического комплекса страны перспективными видами топлива.<br>2. Разработка отопительных комплексов на основе водорода. |
| **Транспорт жана коммуникациялар тармагы**<br>**Отрасль транспорта и коммуникаций** | Кыргыз Республикасынын ири шаарларындагы экологиялык кырдаалга транспорттун таасирин изилдөө үчүн жасалма интеллекти колдонуу | Применение искусственного интеллекта для исследования влияния транспорта на экологическую обстановку в крупных городах Кыргызской Республики |
| **Сейсмикалык абалды баалоо**<br>**Оценка сейсмической обстановки** | 1. Баалоо. Тоолуу аймактардын сейсмикалык коркунучу (Тянь-Шань). Бул аймакта жаракалардын активдүүлүгү жогору байкалат, бирок ДСС (ВОЗ) зонасынын жана мүмкүн болгон очоктордун деталдуу карталары изилдөө стадиясында.<br>2. Техногендик сейсмикалуулук. Гидроэлектр станцияларынын жана тоо-кен өнөр жайынын жергиликтүү жер титирөөлөргө тийгизген таасири жарым-жартылай гана изилденген.<br>3. Спутникттик маалыматтарды (InSAR, GNSS) жергиликтүү станциялар менен интеграциялоо. Кыргызстанда сейсмостанциялар тармагы иштейт, бирок сейсмотектоникалык процесстерди көзөмөлдөө үчүн спутникттик жана жер үстүндөгү байкоолорду бириктирген толук кандуу система азырынча түзүлгөн эмес. | 1. Оценка. Сейсмическая опасность горных районов (Тянь-Шань). Здесь наблюдается высокая активность разломов, но детальные карты зоны ВОЗ и потенциальных очагов в процессе изучения, исследования.<br>2. Техногенная сейсмичность Влияние гидроэлектростанций и горнодобывающей промышленности на локальные землетрясения изучено частично.<br>3. Интеграция спутниковых данных (InSAR, GNSS) с локальными станциями В Кыргызстане действует сеть сейсмостанций, но пока не создана полноценная система объединения спутниковых и наземных наблюдений для слежения сейсмотектоничсеких процессов. |
| **Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл тармагы** | 1. Өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнүн биотүрдүүлүгүн, биогеохимиясын жана радиоэкологиясын, экологиялык микробиологиясын изилдөө, ошондой эле айлана-чөйрө объекттерин сактоо жана сарамжалдуу | 1. Изучение биоразнообразия растительного и животного мира, биогеохимии и радиоэкологии, экологической микробиологии, а также разработка основных научных мероприятий по сохранению и |

| | | |
|---|---|---|
| **Отрасль природных ресурсов, экологии и технического надзора** | пайдалануу боюнча негизги илимий иш-чараларды иштеп чыгуу.<br>2. Талас облусунун суу-экологиялык абалын баалоо.<br>3. Бишкек шаарында абанын булгануу себептерин аныктоо жана чечүү жолдору.<br>4. Кыргызстандын аймагы үчүн климаттык жана сезондук факторлорду эске алуу менен атмосфералык абанын булганышын болжолдоонун моделдерин иштеп чыгуу.<br>5. Кыргызстандын жаңгактуу токойлорунун генетикалык ар түрдүүлүгүн, микроклоналдык көбөйүүсүн жана клеткалык технологияларын изилдөө.<br>• Табигый жаңгак токойлорунун генофондун сактоо, аларды туруктуу пайдалануу программаларын иштеп чыгуу, өнөр жай плантацияларын түзүү жана Кыргызстандын ар кандай табигый-климаттык зоналарына ылайыкташкан ата мекендик сортторду киргизүү.<br>• Ар кандай экосистемаларда, анын ичинде өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарында жаныбарлардын айрым топторунун (курт-кумурскалар, канаттуулар, сүт эмүүчүлөр) биоартүрдүүлүгүн изилдөө.<br>• Дарыялардын жана алардын куймаларынын гидроэнергетикалык потенциалын изилдеп, чакан гидроэнергетикалык курулмаларды куруу жана орнотуу жерлерин ыкчам аныктоо үчүн кадастрдык картасын түзүү.<br>• Курчап турган чөйрөгө минималдуу терс таасир тийгизген күн электр станцияларын изилдөө<br>• Сейрек кездешүүчү металлдарды өндүрүү багытындагы технологияларды иштеп чыгуу. | рациональному использованию объектов окружающей среды.<br>2. Оценка водно-экологической ситуации Таласской области;<br>3. Определение причин загрязнения воздуха в городе Бишкек и разработка путей их решения;<br>4. Разработка моделей прогнозирования загрязнения атмосферного воздуха для территории Кыргызстана с учётом климатических и сезонных факторов;<br>5. Изучение генетического разнообразия, микроклонального размножения и клеточных технологий орехоплодовых лесов Кыргызстана.<br>• Сохранение генофонда естественных ореховых лесов, разработка программ их устойчивого использования, создание промышленных плантаций и внедрение отечественных сортов, адаптированных к различным природно-климатическим зонам Кыргызстана.<br>• Изучение биоразнообразия отдельных групп животных (насекомых, птиц, млекопитающих) в различных экосистемах, включая особо охраняемые природные территории.<br>• Исследование гидроэнергетического потенциала рек и их притоков с целью создания кадастровой карты для оперативного определения мест строительства и установки малых гидроэнергетических установок.<br>• Исследование солнечных электростанций с минимальным негативным воздействием на окружающую среду.<br>• Разработка технологий производства редкоземельных металлов. |

| | | |
|---|---|---|
| **Физика илими**<br>**Физическая наука** | 1. Эки агымдуу дугалуу плазматрондо дисперстүү-топурак жана геологиялык чийкизат материалдарынын атомдук-эмиссиялык анализи;<br>2. Альтернативдүү негизде энергия өндүрүүчү кубаттуулуктарды иштеп чыгуу жана түзүү;<br>3. Жергиликтүү чийкизаттын негизинде керамикалык массалардын курамын оптималдаштыруу жана глазурланган электротехникалык материалдарды алуу технологиясы;<br>4. Кош кошулмалар менен легирленген көлөмдүү жана була кристалдардагы радиациялык-стимулданган процесстер;<br>5. Төмөн жана жогорку температуралардын синтетикалык алмаздарга тийгизген таасирин изилдөө жана алардын негизинде республика өнөр жайы үчүн композициялык алмаз камтыган материалды иштеп чыгуу;<br>6. Базальт буласы менен дисперстүү-армирленген ар түрдүү композициялык материалдарды алуу боюнча илимий-технологиялык негиздер. | 1. Атомно-эмиссионный анализ дисперсно-почвенных и геолого-сырьевых материалов в двухструйном дуговом плазматроне;<br>2. Разработка и создание энерго-генерирующих мощностей на альтернативной основе;<br>3. Оптимизация составов керамических масс и технология получения глазурованных электротехнических материалов на основе местного сырья;<br>4. Радиационно-стимулированные процессы в объемных и волоконных кристаллах, легированных двойными примесями;<br>5. Исследование воздействия низких и высоких температур на синтетические алмазы и разработка на их основе композиционного алмазосодержащего материала для промышленности республики<br>6. Научно-технологические основы получения различных композиционных материалов, дисперсно-армированных базальтовым волокном. |
| **Билим берүү жана илим тармагы**<br>**Отрасль образования и науки** | 1. Иргөө эффекти негизинде динамикалык системалар үчүн жаңы кубулуштарды табууну санариптештирүү.<br>2. Кечигүү менен динамикалык системалардын чыгарылыштарынын асимптотикасын жана туруктуулугун изилдөөнү санариптештирүү.<br>3. Кинематикалык топологиялык мейкиндиктерде башкарылуучу кыймылдоону уюштурууну санариптештирүү.<br>4. Функциялары аналитикалык болгон динамикалык системалардын чыгарылыштарынын болуусун изилдөөнү санариптештирүү.<br>5. Кыргыз тилин көз карандысыз чагылдырууну компьютерлештирүү;<br>6. ЖОЖдордо иштин натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн жасалма интеллекти жана чоң маалыматтарды колдонуу. | 1. Цифровизация выявления новых явлений для динамических систем на основе эффекта отбора.<br>2. Цифровизация исследования асимптотики и устойчивости решений динамических систем с запаздыванием.<br>3. Цифровизация организации управляемого движения в кинематических топологических пространствах.<br>4. Цифровизация исследования существования решений динамических систем с аналитическими функциями.<br>5. Компьютеризация независимого представления кыргызского языка.<br>6. Применение искусственного интеллекта и больших данных для повышения эффективности работы в ВУЗах. |

| | | |
|---|---|---|
| **Тарых, археология жана этнология**<br>**История, археология и этнология** | Этномаданий маршруттарды түзүү жана маданий мурастын сакталуусу. Этномаданий маршрут – бул тарыхый жайларды, музейлерди, кол өнөрчүлүк борборлорун жана улуттук салттарды бирдиктүү мазмунга бириктирген туристтик багыт. Айкалыштыруу принциптери: Тематика биримдиги (мисалы: «Улуу Жибек жолу багыты»); Интерактивдүүлүк – турист кол өнөрчүлүккө катыша алат; Жергиликтүү коомчулукту тартуу; Маданий мурастын сакталуусу – реставрация, санарип архивдөө; Туруктуу туризм принциптери .Мындай маршруттар улуттук иденттүүлүктү бекемдеп, тарыхый эстеликтерди сактоого шарт түзөт.<br><br>Кытай архивдеринде сакталып жаткан кыргыз китеби темасындагы изилдөө<br><br>Мамлекеттик архивдерге чет өлкөлөрдүн архивдеринен алынып келген кыргыздарга байланыштуу документтер<br><br>Архивде сакталып жаткан жеке булактуу документтердин мааниси<br><br>Архивдик документтер — илимий изилдөөлөрдүн негизи | Создание этнокультурных маршрутов и сохранение культурного наследия. Этнокультурный маршрут — это туристическое направление, объединяющее исторические места, музеи, центры ремёсел и национальные традиции в едином содержательном формате. Принципы интеграции: Тематическое единство (например: «Маршрут Великого Шёлкового пути»); Интерактивность — турист может участвовать в ремесленной деятельности; Привлечение местного сообщества; Сохранение культурного наследия — реставрация, цифровое архивирование; Принципы устойчивого туризма. Такие маршруты укрепляют национальную идентичность и способствуют сохранению исторических памятников.<br>Исследование на тему кыргызская книга, хранящаяся в китайских архивах.<br>Документы, связанные с кыргызами, поступившие в государственные архивы из зарубежных архивов.<br>Важность личных исходных документов, хранящихся в архивах.<br>Архивные документы - основа научных исследований |
| **Кыргыз тили**<br>**Кыргызский язык** | Орток түрк жазма эстеликтери жана кыргыз тили. Алгачкы орток түрк жазма эстеликтер: Негизгилери:Орхон-Енисей жазуулары (VIII к.), Күлтегин, Билге каган эстеликтери. Бул жазуулар байыркы түрк тилинде руникалык арип менен жазылган.<br><br>Кийинки орто кылымдардагы орток жазма эстеликтер**:** Кутадгу билиг (Жусуп Баласагын)**,** Диван лугат ат-түрк (Махмуд Кашгари)**,** Кумандардын «Кодекс Куманикус» жыйнагы**.** Бул эмгектер Караханид доорундагы орток түрк адабий тилинде жазылган.<br><br>Байыркы кыргыз жазуулары жана азыркы кыргыз тилине болгон карым – катышы. | Общие тюркские письменные памятники и кыргызский язык. Первые общетюркские письменные памятники: Основные из них — Орхоно-Енисейские надписи (VIII в.), памятники Кюльтегина и Бильге-кагана. Эти надписи были выполнены на древнетюркском языке руническим письмом.<br><br>Общие письменные памятники последующих средних веков: «Кутадгу билиг» (Юсуф Баласагуни), «Диван лугат ат-тюрк» (Махмуд Кашгари), сборник куманов «Кодекс Куманикус». Эти труды были написаны на общетюркском литературном языке эпохи Караханидов.<br><br>Древние кыргызские письменные памятники и их связь с современным кыргызским языком. |

| | | |
|---|---|---|
| **Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты тармагы**<br><br>**Сфера культуры, информации, спорта и молодежной политики** | Кыргызстандын саны аз улуттарынын маданиятын изилдөө.<br>Маданий ар түрдүүлүк — заманбап коомдун эң негизги баалуулуктарынын бири болуп саналат.<br>1. Мамлекеттик бийлик органдарында, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, сот жана укук коргоо тармактарында этностук коомчулуктардын өкүлчүлүк деңгээлин жогорулатуу боюнча илимий изилдөө жүргүзүү.<br>2. Экологиялык этиканын социалдык-философиялык маңызы;<br>3. Адилеттүүлүк философиялык категория катары: байыркы доордон азыркы заманга чейинки эволюциясы;<br>4. Саясат менен экологиянын өз ара байланышынын социалдык-философиялык аспектиси;<br>5. Глобалдашуу шартындагы социалдык идентиктүүлүк маселеси;<br>6. Санариптик технологиялардын саясий аң-сезимге жана жарандык активдүүлүккө тийгизген таасири спектиси**.** | Исследование культуры малочисленных народов Кыргызстана.<br>Культурное разнообразие — одна из важнейших ценностей современного общества.<br>1. Проведение научного исследования по повышению уровня представительства этнических сообществ в органах государственной власти, органах местного самоуправления, судебной системе и правоохранительных структурах.<br>2. Социально-философское значение экологической этики;<br>3. Справедливость как философская категория: эволюция от древности до современности;<br>4. Социально-философский аспект взаимосвязи политики и экологии;<br>5. Проблема социальной идентичности в условиях глобализации;<br>6. Спектр влияния цифровых технологий на политическое сознание и гражданскую активность. |
| **Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жай тармагы**<br>**Водные ресурсы, сельское хозяйство и сектор перерабатывающей промышленности** | 1.Ичүүчү сууну тазалоо, залалсыздандыруу багытында жаны технологияларды иштеп чыгуу<br>2. Суу ресурстарын моделдик изилдөө | 1. Разработка новых технологий очистки и обеззараживания питьевой воды.<br>2. Модельные исследования водных ресурсов. |